**Башталгыч мектепте кыргыз, орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасы**

**Кафедра башчысы, п.и.к., доцент Куканова М.А.**

Педагогика жана психология институтунун Башталгыч мектепте кыргыз, орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасы – институттун негизги, адистерди бүтүрүп чыгаруучу кафедраларынын бири.

Кафедрада тажрыйбалуу окумуштуу-методисттер, илимдин докторлору, кандидаттары, ага окутуучулар жана окутуучулар эмгектенишет.

Кафедранын профессордук-окутуучулук курамында педагогика илимдеринин докторлору Б.С. Чокошева, В.И. Мусаева, А.Р. Акунова, педагогика илимдеринин кандидаттары Р.Т. Сатылганова, М. Раимбекова, Д.К. Омурбаева, М.Р. Нуркулова, М.А. Куканова, Н.К. Сегизбаева, Н.Э. Абдраева, Д.Ш. Мырзадаирова ж.б. бар.

Университеттин, институттун, кафедранын сыймыгы катары Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалимдери К.С. Сартбаев, С. Кондучалова, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер А. Мураталиевалар эмгектенишкенин белгилеп өтөбүз.

Кафедранын негизги максаты болочок башталгыч класстардын мугалимдеринин кыргыз, орус тилдери боюнча билимдерин өркүндөтүү, башталгыч мектепте кыргыз, орус тилдерин окутуунун методдорун жана ыкмаларын үйрөтүү, адеп-ахлах жана инсандык сапаттарын калыптандыруу болуп саналат.

Кафедранын профессор-окутуучулук курамы ***квалификациясын жогорулатуу*** максатында республикадагы жогорку окуу жайларынын жана ЮСАИД, ЮНИСЕФ, Сорос-Кыргызстан Эл аралык уюмдарынын долбоорлоруна активдүү катышат. Конференция, семинарларда өз докладдарын окушат. ***Тажрыйба алмашуу*** максатында К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик утиверситетинин, С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин, А. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин педагогикалык факультеттеринин тил кафедралары менен кызматташат.

Кафедра мүчөлөрү Б.С. Чокошева, Д.К. Омурбаева, М. Раимбекова “И. Арабаев атындагы КМУнун эмгек сиңирген ишмери” наамына, М.Р. Нуркулова “Мыкты тарбиячы”, В.И. Мусаева “Университеттин мыкты доценти” наамына ээ болушкан.

Окуу-тарбия иштери менен катар кафедранын профессордук-окутуучулук курамы окуу китептерин, окуу-методикалык куралдарын ,типтүү программаларды түзүүнүн үстүндө эмгектенишет. Алар иштеп чыккан окуу

куралдары жана программалары, окуу-методикалык комплекстери институттун окуу процессинде активдүү колдонулууда.

Атай кетсек:

1. Чокошева Б.С. "Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы", Б.: 2022;
2. Чокошева Б.С. "Жаңы билим берүүнүн технологиясы"
3. Чокошева Б.С. "Кенже класстардын окуучуларынын окуу жетишкендиктерин баалоо", Б-2023;
4. Мусаева В.И. "Окуучулардын кебин өстүрүүнүн методикасы", Б-2021;
5. Мусаева В.И. "Кептин стилистикасы", Б-2022;
6. Нуркулова М.Р., Омурбаева Д.К. "Современный русский язык", Б-2022;
7. Омурбаева Д.К., Нуркулова М.Р. "Русский язык", Б -2020;
8. Нуркулова М.Р. "Русский язык в картинках", Б -2017;
9. Нуркулова М.Р. "Звуковое пособие", Б-2017.
10. Чокошева Б.С., А.Р. Акунова Башталгыч класстардын "Кыргыз тили" окуу методикалык комплекси
11. Омурбаева Д.К. Башталгыч класстардын "Орус тили" окуу китеби;
12. Мусаева В.И. "Адеп" окуу китебинин автору.